"КыргызРеспубликасынынБузууларжөнүндө кодексинеөзгөртүүлөрдүкиргизүүтууралуу" КыргызРеспубликасынынМыйзамынындолбооруна

НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ

1. Максатжанамилдет

ПрактикалыкколдонуугадаярдообоюнчакечиктирилгисчаралардыкабылалуумаксатындажанаКыргызРеспубликасынынБузууларкодексиннатыйжалууишкеашыруужөнүндөКыргызРеспубликасынынДин иштерибоюнчамамлекеттиккомиссиясы (мындан ары – Мамкомиссия)тарабынанченемдикукуктукактыларгаталдоожүргүзүлдү, КыргызРеспубликасынынжаатындагымыйзамбузуулардыаныктоопредметинебоштуктардыжанакарама-каршылыктарды, аныничиндеМамкомиссиянынишинжөнгөсалуучуКыргызРеспубликасынынБузууларжөнүндөкодексиндебелгиленгенченемдергеалардынылайыккелишиталдоожүргүзүлдү.

2.Баяндоочубөлүк

Өткөрүлгөн талдоонун натыйжалары көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинде бузуулар тууралуу иштерди кароо боюнча мамлекеттик органдарга ыйгарым укук берүү жагында кемчиликтер жана Мамкомиссиянын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларга ылайык келүүсүнө коллизиялар бар.

Алсак, Мамкомиссиянын аз сандагы штаттык бирдигине байланыштуу, тактап айтканда, облустарда (1 өкүл), бузуулар жөнүндө иштердин өндүрүшүкыйын, анткени Кыргыз Республикасынын Бузуулар кодексин 323-берененин ылайык бузуу жөнүндө ишти кароосуна өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктуу органдын өкүлү, эгерде ал ишти чечүүдө жеке өзү, түздөн-түз же кыйыр түрдө кызыкдар болсо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Бузуулар кодексин процесстик бөлүгү боюнча талап кылынат, бузуу жөнүндө ишти кароо ыйгарым укуктуу органдын жайгашкан жери боюнча жүргүзүлөт.

Ошентип, эреже бузуу жөнүндө иштерди кароо Мамкомиссиянын борбордук аппаратында каралуусу болжолдонууда, башкача айтканда эмгек ресурстарын сарамжалсыз пайдалануу болуп саналат.

Жогоруда баяндалгандарды эске алып, сунушталган Мыйзам долбоору менен бузуулар жөнүндө иштерди караганда мамлекеттик органдардын ортосундагы функцияларды жана ыйгарым укуктардычектөө сунушталат, тактап айтканда, Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигине жана улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө» кодексинин 92-беренесинин бузуулары тууралу иштерди кароого ыйгарым укуктарды бериши сунушталат.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин долбоору Мамкомиссия тарабынан макулдашуудан

КР ДИМК директорунун орун басары_____ «___»____ 2019 ж.З. Дж. Чотаев

УККБнүн башчысы _____ «___»____ 2019 ж. К. Н. Ныязбаев

өтпөгөндүгүнө байланыштуу, ушул Мыйзам долбоору менен жогоруда баяндалган статьянын так эместигинин, жетишсиздигинин жана түшүнүксүздүгүнүн себеби боюнча мамлекеттик комиссиянын компетенциясына кирген Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө» кодексинин 92-беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталууда.

Ушул мыйзам долбоорун кабыл алуу мамлекеттик органдардын ишинин тартибин аныктоо бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тиешелүү чечимдерин кабыл алуунун зарылдыгына алып келбейт.

3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору

Бул Мыйзам долбоорун кабыл алуу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык терс кесепеттерге алып келбейт.

4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамынын 22-беренесине ылайык аталган Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий сайтында коомдук талкууга алынууга тийиш (http://www.gov.kg).

5. Долбоордун мыйзамга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү

Берилген мыйзам долбоор колдонуудагы мыйзамдардын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын катышуусу болгон, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине карама-каршы келбейт.

6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат

Кыргыз Республикасынын ушул мыйзам долбоорун кабыл алуу мамлекеттик бюджеттен кошумча финансылыксарптоолорго алып келбейт.

7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат

Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна жөнгө салуучулук таасиринеталдоо жүргүзүүнү талап кылбайт, анткени ишкердик жөнгө салууга багытталган эмес.

Директордун орун басары **З. Дж. Чотаев**

КР ДИМК директорунун орун басары_____ «___»____ 2019 ж.З. Дж. Чотаев

УККБнүн башчысы _____ «___»____ 2019 ж. К. Н. Ныязбаев